КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТАШ-КӨМҮР АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

" 20 " март 2022-жыл.
№ 33

Таш-Көмүр ш. Ш.Сыдыков көч 24
тел.(0 3745) 5-00-37
факс .(0 3745) 5-00-37

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы
Н.К.Шайлдабековага

## БИЛДИРҮҮ

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы Сизге, "Жаштар" саясий партиясынын жазган кайрылуусу боюнча төмөндөгүлөрдү билдирет.

2022-жылдын 14-мартында "Жаштар" саясий партиясы тарабынан жазылган "Таш-Көмүр шаарынын мэри Доулбеков Нурлан Турсуналыевичтин аракетинин мыйзамдуулугун карап берүү тууралуу" №06 кайрылуу каты, Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан Таш-Көмүр шаардык прокуратурасына укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлгөндүгүн жана шаардык прокуратура тарабынан жооп келе электигин маалымдайт. Ошондой эле "Жаштар" саясий партиясына, кайрылуусу шаардык прокуратурага укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлгөндүгү жөнүндө кат жүзүндө маалымат берилген.

/шаардык прокуратурага жана "Жаштар" саясий партиясына жөнөтүлгөн каттардын көчүрмөлөрү тиркелет/

Таш-Көмүр аймактык
шайлоо комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Таш-Көмүр аймактык
шайлоо комиссиясы

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Таш-Кумырская территориальная**
**избирательная комиссия**

"15" март 2022-жыл.

№ 27

Таш-Көмүр ш. Ш.Сыдыков көч 24
тел.(0 3745) 5-00-37
факс .(0 3745) 5-00-37

Таш-Көмүр шаарынын прокурору,
юстициянын подполковниги
А.Ж.Ормошовге

Урматтуу Арстанбек Жолдошевич!

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы Сизден, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кенештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө" №31 ПЖ Жарлыгына ылайык, 2022-жылдын 10-апрелинде өтүүчү Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаттарын шайлоого катышып жаткан "Жаштар" саясий партиясынын талапкерлеринен 2022-жылдын 14-мартында келип түшкөн кайрылуусундагы көрсөтүлгөн Таш-Көмүр шаарынын мэри Доулбеков Нурлан Турсуналыевичтин аракетинин мыйзамдуулугун карап берүүнүздү суранат.

/кайрылуунун көчүрмөсү 2 баракта тиркелет/

Таш-Көмүр аймактык
шайлоо комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Кыргыз Республикасы
Жалал-Абад облусу
Таш-Көмүр аймактык
шайлоо комиссиясы

Кыргызская Республика
Жалал-Абадская область
Таш-Кумырская территориальная
избирательная комиссия

"15" март 2022-жыл.

№ 28

Таш-Көмүр ш. Ш.Сыдыков көч 24
тел.(0 3745) 5-00-37
факс .(0 3745) 5-00-37

«Жаштар» саясий партиясынын
шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу
өкүлү А.Усексевге

Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясы Сизге, "Жаштар" саясий партиясынын 2022-жылдын 14-мартындагы №6 кайрылуу катыныздарда көрсөтүлгөн Таш-Көмүр шаарынын мэри Доулбеков Нурлан Турсуналыевичтин аракетинин мыйзамдуулугун карап берүү үчүн 2022-жылдын 15-мартында Таш-Көмүр шаардык прокуратурасына жолдонгондугун билдирет.

Таш-Көмүр аймактык
шайлоо комиссиянын төрагасы: Т.Тургунбаев

Колугша 15. 03. 2022 Үсексев А.Н

ЖАШТАР
саясий партиясы
721400 Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад обл., Таш-Көмүр ш. Батыркулов көч., 5-үй. ИНН 01310201610169, e-mail: jashtar_sp@mail.ru

«14» 03 2022-ж/г № 06

**Таш-Көмүр аймактык шайлоо**
**комиссиясынын төрагасы**
**Т.К.Тургунбаевге**

## Кайрылуу

Биз "Жаштар" саясий партиясы Сизге, Таш-Көмүр шаарынын мэри Доулбеков Нурлан Турсуналыевичтин 10.03.2022-жылы фейсбук социалдык тармагындагы шаардык мэриянын расмий баракчасы аркылуу жергиликтүү тургундарга болгон видео кайрылуусун кароо үчүн жөнөтөбүз (видео кайрылуу тиркелет). Аталган видео кайрылууда "Жаштар" саясий партиясынын Таш-Көмүр шаардык Кеңешинин учурдагы XXIX чакырылышынын депутаттары жана ошол эле учурда 10.04.2022-жылга дайындалган жергиликтүү Кенештин депутаттыгына "Жаштар" саясий партиясынан талапкерлер Кудайбердиев Сагынбек Токтосунович, Сооронбаев Кайрат Манасбекович, Осмонов Тилек Сыдыгалиевич, Курманалиев Даирбек Аманалыевич боюнча ошондой эле жалпы "Жаштар" саясий партиясынын дарегине карата сын-пикирлер айтылып, алардын ишмердүүлүгүнө шаардын мэри Н.Доулбеков тарабынан баа берилген. Тактап айтканда "Жаштар" саясий партиясынын бүгүнкү күнгө чейинки, учурдагы жана келечектеги иш-аракеттерине карата терс пикирлер айтылуу менен бирге шаардын тургундарына үгүттөөчү чакырыктар да жасалган. Ошондой эле шаардык Кеңештин коллегиалдуу орган экендигин жана анын чечимдеринин депутаттардын жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынаарын эске алганда шаардын мэри Н.Доулбековдун "Жаштар" саясий партиясынын депутаттарын жөн гана каралоо максатында жалган-жалаа жабуу аракети болгон. Себеби, шаардык Кеңеште "Жаштар" саясий партиясынан болгону төрт гана депутат бар жана мисал катары көрсөтө турган болсок видео кайрылууда айтылган 2022-жылдын жергиликтүү бюджетин бекитүү боюнча

сессияда жалпысынан жыйырма төрт депутат катышып жыйынтыгында тиешелүү токтом бир добуштан кабыл алынган.

Өз учурунда бул кайрылууну "Жаштар" саясий партиясы, шаардын мэри Н.Доулбековдун бул видео кайрылуусун Мыйзам менен берилген ыйгарым укуктарынан кыянаттык менен пайдалануу, шаар тургундарын экиге бөлүү, шайлоо өнөктүгүнө аралашуу, кайсыл бир партиянын пайдасына карата административдик ресурс колдонуу, резонанс жаратуучу кырдаал катары кабыл алат жана официалдуу түрдө шайлоо өнөктүгүнүн үгүттөө убактысы баштала электе жасалган видео кайрылуу экендигине өзгөчө көңүл бурат.

Андыктан, Сизден Кыргыз Республикасынын **"Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө"** Мыйзамынын **17-1 беренесинин 1, 3 пункттарын 28-беренесинин 5, 7 пункттары** менен кепилденген жергиликтүү Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин укугун коргоп берүүңүздү жана Таш-Көмүр шаарынын мэри Доулбеков Нурлан Турсуналыевичтин аракетине карата мыйзам чегинде чара көрүүңүздү өтүнөбүз.

"Жаштар" саясий партиясынын
лидери: С.Кудайбердиев

"Жаштар" саясий партиясынын
координатору: К.Сооронбаев

"Жаштар" саясий партиясынын
шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү: А.Усекеев

"Жаштар" саясий партиясынын
финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү: У.Акматалиев